**Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери» атту темадагы 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясына илимий жетекчисинин**

# ПИКИРИ

Изденүүчү Кыдыралиев Жаныбек Болотович тарабынан жазылган «Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери» аттуу темадагы 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын учурдагы укуктук жана коомдук-саясий өзгөрүүлөрдүн негизинде пайда болгон абдан актуалдуу жана маанилүү илимий маселеге арналган. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу (ЖӨБ) органдары мамлекеттик башкаруу системасында маанилүү институт катары эсептелип, алардын натыйжалуу иштеши демократиялык принциптерди ишке ашыруунун, децентрализацияны камсыздоонун жана жергиликтүү коомчулуктардын кызыкчылыктарын коргоонун негизги фактору болуп саналат. Ушул контекстте, диссертациянын темасы Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын өркүндөтүү жана анын укуктук негиздерин бекемдөө боюнча заманбап талаптарга жооп берет.

Диссертацияда ЖӨБ органдарынын укуктук макамына жана уюштуруучулук негиздерине терең жана комплекстүү талдоо жүргүзүлгөн. Изденүүчү бул органдардын мамлекеттик башкаруу системасындагы ордун жана ролун илимий негизде ачып, алардын ишмердүүлүгүндөгү негизги көйгөйлөрдү – укуктук жөнгө салуудагы кемчиликтерди, мамлекеттик органдар менен функциялардын кайталанышын, каржылык көз карандылыкты, кадрлардын жетишсиздигин, ошондой эле административдик-аймактык реформанын (ААР) кесепеттерин – системалуу түрдө иликтеген. Мындан тышкары, изденүүчү бул көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган теориялык сунуштарды иштеп чыгып практикада ишке ашыруу жагдайларын негиздеген. Атап айтканда, ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктарын так аныктоо, алардын көз карандысыздыгын камсыздоо,

муниципалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана санариптештирүү программаларын киргизүү сыяктуу чаралар сунушталган.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы ЖӨБ органдарынын укуктук макамын административдик-аймактык реформа шарттарында системалуу талдоодо жана алардын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууда жатат. Диссертацияда Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана тиешелүү мыйзамдарына негизделген ЖӨБ органдарынын конституциялык принциптери системалаштырылып, алардын мамлекеттик бийлик системасынан көз карандысыздыгын камсыздоо боюнча конкреттүү жоболор иштелип чыккан. Мисалы, изденүүчү ЖӨБ органдарынын системасын так аныктоо үчүн Конституциянын 112-беренесине өзгөртүүлөрдү киргизүүнү менен, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасын Баш мыйзамда бекитүүнү сунуштаган. Бул сунуштар ЖӨБ органдарынын туруктуу иштешин жана алардын укуктук макамын коргоону камсыздоого багытталган.

Ошондой эле, диссертацияда ЖӨБ органдарынын тарыхый өнүгүү этаптары терең изилденип, Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын калыптануу жана өнүгүү жолдору талданган. Изденүүчү бул системанын өнүгүүсүн алты этапка бөлүп, ар бир этаптын өзгөчөлүктөрүн жана алардын учурдагы абалга тийгизген таасирин илимий негизде ачып берген. Мисалы, 1991-жылдан 2000-жылга чейинки мезгилде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уюштуруучулук-укуктук жана материалдык-каржылык базасынын калыптанышы, ал эми 2021-жылдан кийинки мезгилде Конституциянын жаңы редакциясынын кабыл алынышы жана административдик-аймактык реформанын жүрүшү деталдуу талдоого алынган. Бул талдоо ЖӨБ органдарынын учурдагы көйгөйлөрүн түшүнүү жана аларды чечүү жолдорун аныктоо үчүн маанилүү негиз болуп кызмат кылат.

Диссертациянын практикалык мааниси анын жыйынтыктарынын жана сунуштарынын Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын өркүндөтүүгө багытталгандыгында. Изденүүчү тарабынан сунушталган чаралар, мисалы, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамын эки өзүнчө мыйзамга бөлүү («Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» жана «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө»), ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктарын так

аныктоого жана алардын мамлекеттик органдардан көз карандысыздыгын камсыздоого багытталган. Мындан тышкары, муниципалдык кызматкерлер үчүн милдеттүү окутуу системасын киргизүү, жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын жоопкерчилигин жогорулатуу жана санариптештирүү программаларын ишке ашыруу сыяктуу сунуштар ЖӨБ органдарынын натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө түзөт.

Изденүүчү Ж.Б. Кыдыралиевдин илимий анализдин методдорун жетиштүү деңгээлде өздөштүргөндүгүн жана татаал илимий маселелерди изилдөөгө жөндөмдүүлүгүн далилдеди. Ал Кыргыз Республикасынын Конституциясын, тиешелүү мыйзамдарын жана эл аралык тажрыйбаны талдоого алып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын өркүндөтүү боюнча негизделген тыянактарды чыгарган. Эл аралык тажрыйбаны талдоо аркылуу изденүүчү Кыргызстандын шарттарына ылайыктуу болгон элементтерди аныктап, аларды улуттук мыйзамдарга киргизүү мүмкүнчүлүктөрүн көрсөткөн.

Изденүүчүнүн жеке салымы диссертациянын темасын тандоодо, изилдөөнүн максаттары менен милдеттерин аныктоодо, ошондой эле коргоого чыгарылган жоболорду жана практикалык сунуштарды иштеп чыгууда айкын көрүнөт. Ал өзүнүн илимий ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, анын ичинде Конституцияны, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамын, ошондой эле тиешелүү ченемдик укуктук актыларды терең талдоого алган. Мындан тышкары, изденүүчү административдик-аймактык реформанын натыйжаларын иликтеп, анын ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүнө тийгизген таасирин баалаган. Атап айтканда, реформанын алкагында муниципалдык кызматкерлердин санынын кыскарышы, айыл өкмөттөрүндөгү штаттык бирдиктердин азайышы жана бул өзгөрүүлөрдүн натыйжасында үнөмдөлгөн каражаттарды фактылар менен бекитип деталдуу талданган.

Диссертациянын жыйынтыктары жана сунуштары илимий басылмаларда жарыяланып, практикалык жактан да колдонууга мүмкүнчүлүк түзөт. Атап айтканда, бул иштин натыйжалары Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясында «конституциялык укук», «муниципалдык укук» жана «административдик-

процедуралык укук» дисциплиналарын окутууда колдонулган. Мындан тышкары, изденүүчү тарабынан сунушталган чаралар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн жакшыртуу, алардын калк алдындагы отчеттуулугун жана жоопкерчилигин жогорулатуу боюнча практикалык мааниге ээ деп эсептейбиз.

Диссертациянын мазмуну 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистигине толук дал келет жана «Окумуштуу даражаларды берүү тартиби жөнүндөгү Жобонун» 8- жана 10-пункттарынын талаптарына жооп берет.

Изденүүчү Кыдыралиев Жаныбек Болотович юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейм.

**Илимий жетекчиси,**
**Ж.Баласагын атындагы КУУнун**
**Юридикалык институтунун административдик укук,**
**финансы укугу жана маалымат укугу**
**кафедрасынын доценти,**
**ю.и.д,** **Аманалиев У.О.**

*Кол тамгасын тастыктайм* ______________________